# «МАНАС» ЭПОСУ-ЖАНА МЕКЕНЧИЛДИККЕ БОЛГОН БИРИМДИК ИДЕЯ.

**АБДЫМОМУНОВА Г.А**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук Университети*
*Педагогикалык кадрларды максатту даярдоо институту.*
*Гуманитардык – педагогикалык багытта мугалимдерди максаттуу даярдоо факультетинин п.и.к., доценттин милдетин аткаруучу*

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын ар-намыстуу коомго керектүү инсандарын тарбиялоо маселеси болуп көрбөгөндөй курч коюлууда. Өлкөнүн өнүгүш багыты менен бирдикте байыркы эл, улуу муундагы ата бабаларыбыз ыйык туткан руханий - адептик дөөлөттөргө басым коюу зарылчылыгы талашсыз экендигин мезгил көрсөтүп отурат. Глобалдаштыруу процесстеринин жемиши катары жайылган универсалдуу идеялдарды, идеяларды окутуу жана тарбиялоо иш аракетинде тарыхий, этномаданий нарк дөөлөттөр менен айкалыштыруу, келечек муундардын ата журттун көгөйлөрүнө кайдыгер, өз ата мекенине бөтөн адам болуп калбашына бөгөт коёт деп ойлойм. Албетте, тарбия, тарыхы эс-тутум, патриотизм, атуулдук өз ара байланыштагы тутумдаш түшүнүктөр. Тарбиясыз тарыхый эс-тутум, этномаданий нарк-дөөлөттөрдү сактоо, улантуу, ошондой эле тарыхый эс-тутумда сакталган өрнөктүү осуят-насыяттарсыз, үрп-адат, салттарсыз мекенчил патриот инсанды тарбиялоо мүмкүн эмес.

Ал эми келечек муунду мекенчил кылып тарбиялоодо "Манас" эпосу баштаган улуттук руханий асылдуулуктардын мааниси чоң экендиги талашсыз. Кыргыз элинин социалдык тарыхына баам салган илим жана искусство ишмерлеринин баары аны жараткан калктын аң-сезиминде «Манас», ата -мекен, эне-тил, азаттык, ар-намыс мекенчилдик, патриоттуулук сыяктуу түшүнүктөр бири-биринен ажырагыс, түгөйлөш дөөлөттөр катары кабылданып келгендигин мурдатан эле белгилеп келишкен. Кыргыз элинин залкар жазуучусу, академик Ч. Айтматов «Манастын» улуттук аң-сезимге сиңиши эне сүтүнө, эне тилине барабар, аны менен бирге, чогуу келген табийгый көрүнүш. «Манасты» билбеген адам өз элин, тилин, жерин билбегендик», - деп ырастаган.

Философ - энциклопедиячы А.Ф. Лосев: "Мекен ... жөн гана аймак эмес, ал улут, социалдык жашоо деген түшүнүктөр менен да чектелбейт. Мекен деген Мекен. Мен мунун абдан зор, улуу, адам табиятынан бийик турган нерсе экендигин билем. Ал кандайдыр бир ажайып, дилге жакын жана асыл нерсе экендигин билем» дейт. Мекенди жакшы көрүү үчүн, албетте, инсандыш маданий, руханий-адептик жетилүү жагынын тийиштүү денгээлде болуусу зарыл. Бүгүнкү жаштардын кыйла көп бөлүгү ушундай деңгээлге жетпегендиги патриоттуулуктун түрдүүчө бурмаланышына, жалган патриоттуулукка айланып баратышына себеп болуп жатат.

Патриоттуулук кээ бир жерлерде улутчулдукка айланып бараткандай. Интернационализимдин чыныгы мааниси кетип, аны үстүртөн түшүнгөндөр көбөйүүдө. Коомдук аң - сезимде кайдыгерлик, өзүмчүлдүк, жекечилдик, цинизм (дили сенектик), агрессивдүүлүк (жөнү жок урушчаактык), мамлекетти жана социалдык институттарды сыйлабоочулук кеңири жайылып баратат. Аскердик жана мамлекеттик кызматтын кадыр-баркы барган сайын төмөндөөдө. Мындай кыйынчылыктардын себебин социологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарына карай аныктоого болот. Бул маалыматтарга ылайык, жаштардын тең жарымына жакын бөлүгү өнүккөн өлкөлөрдөн орун-очок алуу мүмкүнчүлүгү пайда болсо эле Кыргызстандан кетип калууга даяр экендигин көрөбүз. Бүгүнкү кырдаалды талдап, тарыхый, педагогикалык. философиялык, публицистикалык адабияттарды окуганда тарыхый эс-тутумдан айрылуу руханий эстин сенектелишине альш келерин байкайбыз. Окуучулардын эс - тутумунда өткөн мезгил жөнүндө толук көлөмдөгү маалымат жок, ал эми учурдагы тарых жазыла элек. Бул тыянактын аныктыгы, ырастыгы шек туудурбайт. Биз эмне үчүн ушундай экендигин түшүнүп турабыз: себеби, биринчиден, таанып билүү процессинин чеги жок. Изилдөөчүлөр үчүн тарыхый материалдарды дагы да терендетип, жаңыча, ар тараптуу иликтөө мүмкүнчүлүгү дайым болот. Коомдун өнүгүүсүнүн ар бир баскычында өткөн доорго кызыгуу жаңырат, мурда эрксизден («керексиз» деп эсептелгендиктен) же «атайлап унутуунун» айынан илимий изилдөө алкагынан тышкарыда калып келген жана коомду кызыктырбай жүргөн тарыхый окуяларды илимий талдоого алуу зарылдыгы туулат.

Мекенчил сезимдин өнүгүү башаты - адам жашаган, иштеген чөйрөнүн өзү. Конкреттүү кырдаалга түздөн-түз катышуу, ага карата өз мамилесин туюндуруу чыныгы патриоттук сезимдерди калыптандыруунун негизги шарттарынын бири болуп саналат. Индивиддин табигый

касиеттери патриоттук сезимдердин калыптануусунун өбөлгөсү жана шарты гана болуп саналат. Ошондуктан мектеп жашынан тартып эле балдар чыныгы патриот кандай болушу керектигин андап билүүгө мекен алдында атуулдук парз катары кабыл алууга тийиш. Мекен алдындагы патриоттук парз деп коомдун мекенчил адамга коюучу талаптары менен аныкталган милдеттерин аң-сезимдүү түрдө аткаруу зарылдыгын түшүнөбүз.

Социологиялык, адептик, идеологиялык, көркөм-эстетикалык баалуулуктарды чаташтыруу, үстүрт талдоо, бурмалоо одоно социологиялык теория менен практиканын басымдуулук кылышына алып келет. Элдин чыныгы ордун түшүнүү үчүн бир эле учурда өткөнгө да, келечекке да көз чаптыруу керек. Элдин тагдырын жашап жаткан эмес, өткөн муундар көбүрөөк башкарат. Ал ар элдин таянган дөөлөттөрүн түзүшкөн. Кылымдар бою алар идеяларды жаратып, сезимдерди тарбиялап келишкен. Демек, азыр жашап жаткан адамдардын жүрүм-турумун багыттаган мүдөөлөрдүн ички себептери элдик педагогиканын салттарында чагылдырылган. Элдик педагогика адам табияты менен толук шайкеш келет, анткени адамдын жөндөмдөрүнүн калыптануусу жана өнүгүүсү элдин идеологиясынын негизинде жүзөгө ашырылуучу, тарыхый түрдө топтолуп келген социалдык жана педагогикалык тажрыйбаны өздөштүрүү болуп саналат. Бул идеологиянын өзөгүндө дайым туулган жерди сүйүү, ата-бабаларды унутпай жүрүү болгон өсүп келаткан муунду патриоттуулукка тарбиялоодо элдин эң мыкты касиеттерине ээ болуп келген чыгаан инсандардын иш - аракеттери жана эрдиктери өзгөчө мааниге ээ болгон. Алардын элеси, турпаты элдин эсинде кылымдар бою сакталып, мезгил өткөн сайын элдин жашоосу, мүдөөсү менен маанилеш болуп кеткен. Бул ысымдар улам кийинки муундарды тарбиялоонун кубатгуу каражатына айланган. Бардык элдер сыяктуу эле, кыргыздардын тарыхында да мындай көптөгөн инсандардын ысымдары унутулбай келет.

Бирок, элдик педагогикалык акыл - ойлор менен тажрыйбаларды ар тараптуу чагылдыруу жагынан "Манас" эпосуна тең келээр чыгарма жок. "Манас" эпосу - кыргыз элинин кеңири белгилүү, өзгөчө зор көлөмдүү, баатырдык эпосу. «Манас» - жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул таалим алуучу роман - китептин (Б. Юнусалиев) милдетин аткарып келген уникалдуу, педагогикальк феномен. "Манас" эпосу - аны жараткан элдин тарыхын, философиясын, этнографиясын, тилин, көркөм өнөрүн, психологиясын, географиясын, медицинасын жалпы эле рухий жана социалдык турмушунун аркыл жактарын изилдеп үйрөнүүдөгү өзгөчө бай жана баалуу булак.

Кыргыз этнопедагогикасы боюнча изилдөөчү Т.Ормонов "Манас" эпосу кыргыз элинин "педагогикалык пансофиясы" ( бардык акыл билимдеринин жыйындысы) катары бааланууга тийиш - деп эсептейт. Кыргыз элинин улуу жазуучусу Ч. Айтматов "Манастын" бүгүнкү күндөгү мааниси жөнүндө ой толгоп, мындай деп айткан: "Манас - өзүбүзгө өзүбүздү тааныткан улуу зат. Манас аркылуу биз өзүбүздү өзүбүз бекемдейбиз, ким экенибизди дапилдейбиз жана келчекке көз таштайбыз. Ал ар бир урпак үчүн руханий ку'бат". Айтылган сөздөрдүн биринде да калет жок. Ырасьщда эле, "Манас"- элдин кылымдаган тарыхынын жандуу күбөсү, таалим-тарбия жаатындагы даанышмандыгынын соолбос кенчи. Ал жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн өз урпактарын ар тараптуу инсан катары өнүктүрүүнүн программасы, мектеби, окуу китеби да катары кызмат кылып келген. Албетте, "Манас" эпосунун педагогикальк маани-маңызы туралуу абройлуу окумуштуулардын пикирлери анын бүгүнкү таалим-тарбия практикасы үчүн баалуулугун айкындоо үчүн орчундуу өбөлгө болуп эсептелсе.

Ошондой болсо дагы Кыргызстан анын эң негизги идеологиясы «Биз Кыргызстандыктар» деп мекенчилдик аруу сезимди ыйык тутуу бир эле кыргыз улутунун милдети деп айтсак менимче жаңылыштык, себеби өлкө бир адамдын каалосу менен түзүлбөйт, территорияда жашаган баардык элдердин, ар түркүн улуттардын өкүлдөрүнүн бирдей кызыкчылыгынан жалпыланып гана келип жаралаарын белгилеп, анын кыйрабашы үчүн биринчи кезекте өлкө башчыларынын жана ар түркүн улуттардын лидерлеринин бир идеяга бириги, коомдук экономикалык кызыкчылыктары бир орундан чыгып, көз караштары саясий стабилдүүлүккө негизделбесе, ал өлкөнүн кубаттуулугу жоголоорун аны жүзөгө ашырууда биримдик идеясы керек, ал ар бир атуулдун жан дүйнөсүндө жашабаса эч бир мамлекеттик түзүлүш жер шарында белгилүү бир улуттуу өлкө катары кармап кала албастыгыбызга да «Манас» эпосундагы биримдик идеясы мисал боло алат.

**Адабияттар:**

1.Ормонов Т. «Манас» эпосунун мектептеги тарбиялык мааниси.-Китепте: Окутуу жана тарбиялоо процессинин кээ бир маселелери. - Ф., Мектеп, 1969.

2. Ормонов Т. Педагогические воззрение древних киргизов. (по эпосу «Манас»)-Казань,

1972.

3. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. // Кыргызстан маданияты, 1979, 11-январь.

4. Юнусалиев Б.М. Кириш сөз.- Китепте: Манас: Кыскартылып бириктирилген вариант.- Ф.,1958.1 бөлүк, 1 китеп, 3-39-беттер.

III. *Көркөм тексттер.*